Керимбай уулу Сарыбай
АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕП
Нарын облусу, Нарын району,
Эмгек-Талаа айылы, тел: 6 02 26

СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ
Керимбай уулу Сарыбая
Нарынская область, Нарынский район,
село Эмгек-Талаа, тел, 6 02 26

# Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинде I чейректе аткарылган иштер тууралуу соцпедагог С.Исагакунованын отчету

2021-2022-окуу жылында Керимбай уулу Сарыбай орто мектебинде окуган окуучулардын контингентин аныктап, класстардын социалдык паспортун жаңыладык.

Зордук-зомбулук, ырайымсыз мамиле, өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алууга карата тегерек стол өтүлдү.

"Күнүмдүк жашоо үчүн,Келечегине балта чаппа" деген темада окуучуларга тегерек стол өтүлүп анкеталар алынды. ИДН кызматкерлери менен бирдикте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, түнкү рейддер уюштурулуп, мугалимдер график менен бөлүнгөн аймактар боюнча иш алып барышууда.

Ички, сырткы мигрант ата-энелердин балдарын камкордукка алган адамдар менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.

Томолой , жарым жетим балдардын дүйнө таанымын кеңейтүү максатында декабрь айында Нарын шаарына экскурсия кылууну пландаштыруудамын.

9-10-11-класста окуган окуучулардын бош убактыларын туура пайдалануу максатында спорттук иш-чараларды уюштуруу.

"Кыз адеби-кымбат", "Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" темасында КВН, тегерек столдорду өтүү, мед айымдар, ардагер ата-апалар менен жолугушууларды уюштуруу.

Томолой жетим-2/1

Жарым жетим-14/6

ДМЧ- 4/2

Ички мигрант - 18/11

Сырткы мигрант - 1/0

Соц педагог: С.Исагакунова

Сканировано с CamScanner

**Керимбай уулу Сарыбай**
**АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕП**
*Нарын облусу, Нарын району,*
*Эмгек-Талаа айылы, тел: 6 02 26*

**СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ**
**Керимбай уулу Сарыбая**
*Нарынская область, Нарынский район,*
*село Эмгек-Талаа, тел. 6 02 26*

## Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинде зордук-зомбулукту жана кылмыштуулукту алдын-алуу боюнча аткарылган иштер тууралуу соцпедагог С.Исагакунованын отчету

Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын суициддин, мектеп рекэтин, кылмыштуулукту алдын-алуу боюнча айыл өкмөтү, мектеп администрациясы менен бирдикте штабдык курам түзүлдү.

Кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын-алуу боюнча 7-8-9-класстын класс жетекчилери " Зомбулуксуз мектеп коомдун өнүгүшүнө өбөлгө" деген темада видео сабактар, видео роликтер даярдалып окуучуларга көрсөтүлдү.

Кылмыштуулукту, рекэтчиликти алдын-алуу боюнча түнкү рейддер уюштурулду.

Онлайн сабактарга катышпай жаткан окуучуларга ИДН жана мектептин организатору менен соцпедагогу ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, түшүнүктөр алынды.

Ички, тышкы мигрант үй-бүлөлөр аныкталып, балдар кимдин колунда тарбияланып, окуп жаткандыгы аныкталып, маалымат база түзүлдү.

Айыл өкмөтүнүн соц адиси менен бирдикте камкорчу ата-энелер аныкталып милдеттенмелер алынды.

Соц педагог: Исагакунова С.

Сканировано с CamScanner

**Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинде "Адам сатуу –кылмыш", "Бейтааныш адам менен сүйлөшпө" деген темада аткарылган иштер тууралуу соцпедагог С.Исагакунованын отчету.**

2019-2020-окуу жылынын октябрь айында окуучулар арасында адам сатуунун алдын-алуу боюнча бардык класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуучулар арасында кызуу талкуу жүрүп Мектеп парламентиндеги окуучулардын ой пикирлери угулду жана толуктоолор болду.

1. "Адам сатуу - кылмыш" деген темада 8-11- класстарынын окуучуларына тарбия сааттар өтүлдү. Кулчулукка кабылган баланын образын чагылдырып беришти.
2. "Бейтааныш адам менен сүйлөшпө"деген темада тарбия сааттар өтүлдү. 6-класстын окуучулары эссе жазып талкуу болду.
3. " Биз адам сатууга каршыбыз" деген темада 7-класстардын арасында сүрөттөр тартылып жыйынтыгы чыгарылды.

Түзгөн: соцпедагог С.Исагакунова

Сканировано с CamScanner

# Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинде зордук-зомбулукту алдын-алуу жана аялдардын укуктарын коргоо боюнча аткарылган иштер тууралуу соцпедагог С.Исагакунованын отчету.

2019-2020-окуу жылынын декабрь айында окуучулар арасында зордук-зомбулукту алдын-алуу боюнча бардык класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуучулар арасында кызуу талкуу жүрүп Мектеп парламентиндеги окуучулардын ой пикирлери угулду жана толуктоолор болду.

1. "Зомбулуксуз үй-бүлө" деген темада 9-класстарынын окуучулары видеоролик тартып, окуучуларга сунуштады. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка кабылган баланын образын чагылдырып беришти.
2. Аялдардын укуктары жана коомдогу орду тууралуу 11-класстын окуучулары эссе жазып талкуу болду.
3. "Зордук-зомбулуксуз дүйнө" деген темада 8-класстардын арасында сүрөттөр тартылып жыйынтыгы чыгарылды.

Түзгөн: соцпедагог С.Исагакунова

Сканировано с CamScanner